**БАНКТЫК ТӨЛӨМ КАРТТАРДЫ КОЛДОНУУ ЭРЕЖЕЛЕРИ**

Эрежелер менен кунт коюп таанышып чыгыңыз жана Сизге берилген банктык төлөм картынын аракеттенүү мөөнөтү аяктаганга чейин сактаңыз

**1. Терминдер жана аныктамалар.**

| | |
|---|---|
| Авторизация | Банктык төлөм картты колдонуу менен банктык операцияларды жүргүзүүгө Банк-эмитенттин урусаты. |
| Картты жокко чыгаруу | Картты жараксыз деп табуу жана аны жүгүртүүдөн алып салуу. |
| Банк-Эмитент | Карт чыгаруучу (эмитеттөөчү) төлөм системасынын катышуучусу болуп саналган, ошондой эле төлөм системасынын катышуучусу болуп саналган башка банктар алдындагы милдеттенмелери боюнча жооп берүүчү Банк. |
| Банк-Эквайер | Эквайринг жүргүзүүгө уруксат алган, же технологияларга, тиешелүү төлөм системаларынын ченемдик актыларына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өзүнүн перифериялык түзүлүштөрү аркылуу авторизациялоо же транзакция жүргүзүүнү камсыздоочу перифериялык түзүлүштөр тармагынын ээси болуп саналган Банк. |
| Банктык эсеп (мындан ары карт-эсеп) | Карт Ээсинин карты боюнча акча каражаттарын жүгүртүү үчүн жана транзакцияларды жүргүзүү үчүн карт Ээсине Банк тарабынан ачылган эсеп. |
| Банкомат | Нак акча каражаттарын берүү жана кабыл алуу, акча кражаттарын картка жазуу, карт Ээсинин жүргүзүлгөн транзакциялары боюнча маалыматтарды алуу, нак эмес төлөмдөрдү жүргүзүү жана жүргүзүлгөн транзакциялардын бардык түрү боюнча карт-чек берүү үчүн арналган аппараттык-программалык комплекс. Банкомат карт Ээси Банктын ыйгарым укуктуу кызматкеринин катышуусуз картты колдонуу аркылуу операцияларды өз алдынча жүргүзүүсү үчүн арналган. Мындан ары АТМ - Automatic Teller Machine катары кездешүүсү мүмкүн. |
| Картты тосмолоо | Картты колдонуу менен операцияларды жүргүзүүгө толук же убактылуу тыюу салуу |
| Банкоматтык көчүрмө | Карт Ээсинин сурамы менен банкомат тарабынан түзүлүлгөн карт-эсеп боюнча көчүрмө. Банкоматтын көчүрмөсү эң көп дегенде, карт Ээси тарабынан карт-эсеп боюнча жүргүзүлгөн акыркы 10 (он) транзакцияны камтыйт. |
| Банктык төлөм карт (мындан ары текст боюнча – Карт) | Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө үчүн, которууларды жана башка төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн, ошондой эле карт-эсептеги акча каражаттарынын калдыгынын чегинде нак акча каражаттарын чыгаруу үчүн арналган. Карт карттын бетинде көрсөтүлгөн мезгилдин ичинде гана жарактуу. Мөөнөтү өткөн карттар боюнча операциялар жүргүзүлбөйт. |
| **Виртуалдык карт** | физикалык алып жүрүүчүсү жок электрондук түрдө чыгарылган атайын карт |
| Карт ээси | «БАКАЙ БАНК» ААКта жеке адамдарды банктык тейлөө шарттарына ылайык картаны пайдаланууга укуктуу жеке адам. |
| Кошумча карт | Карт Ээсинин ишенимдүү адамына карт-эсеп боюнча тариздelген карт. Карт Ээси кошумча карт боюнча карттык операциялардын акча каражаттарынын суммасына лимит белгилөөгө укуктуу. |
| Карыз | Картты/кошумча картты чыгарууга, карттык операцияларды ачууга, тейлөөгө (жүргүзүүгө), карттык операцияларды өткөрүүгө, карт-эсепти жабууга, техникалык овердрафтка байланыштуу карт Ээси Банкка төлөшү керек болгон бардык суммалар, ошондой эле Банктын тарифтерине ылайык, төлөнүүгө жаткан башка суммалар. |
| Коддук сөз | Карт Ээси тарабынан Картты чыгарууга арыз-анкетада көрсөтүлгөн сөз (же символдордун айкалышы), ал боюнча Банк карт Ээсин идентификациялай алат жана карт-эсептин абалы жөнүндө маалыматтарды телефон аркылуу бере алат. |
| Акча каражаттарынын лимити (лимиттери) | Карт аркылуу жүргүзүлүүчү максималдык сумма боюнча Банк тарабынан белигленген лимиттер. Лимит (лимиттер) бир операциянын суммасына жана валютасына карата дагы, ошондой эле белгилүү бир убакыттын ичинде жүргүзүлчү бардык операцияларга карата дагы белгилениши мүмкүн. |
| Банктар аралык процессинг борбору (мындан ары текст боюнча БПБ) | Кыргыз Республикасынын ЭЛКАРТ улуттук төлөм системасынын аппараттык-программалык комплекси, ал ЭЛКАРТ, VISA, Мир карттарын, ошондой эле БПБ |

| | |
|---|---|
| | системасы интеграциялаган башка системалардын карттарын колдонуу менен жүгүзүлгөн транзакцияларды процессингдөө үчүн арналган. |
| Алдамчылык операция | Банктык карт боюнча карт Ээси тарабынан санкция берилбеген жана тастыкталбаган операция. |
| Азайтылбас калдык | Банк тарабынан аныкталган, авторизациялоого жатпаган жана карт Ээсинин Банк алдындагы күрөөсү болуп саналган акча каражаттарынын суммасы. |
| Адаттан тышкаркы кырдаал | Системанын эрежелерине жана технологиясына ылайык өзүнчө төлөм системасынын тобокелдиктерди автоматтык тескөө каражаттары тарабынан чечилбей турган, аны чечүү үчүн оператордун персоналынын же катышуучунун атайын уюшулган ишин талап кылган кырдаал. |
| Овердрафт | Бул кыска мөөнөттүү кредиттин формасы, ал карт Ээсине карт эсебиндеги төлөм каражаттарынын суммасынан ашык болгон төлөмдөрдү карт аркылуу жүгүзүүгө мүмкүндүк берет. |
| PIN-код | Операцияны жүргүзүү үчүн колдонуучуну аутентификациялоого мүмкүндүк берүүчү идентификациялык жеке номер б.а. бар картага бериле турган жана Карт ээсин идентификациялоо үчүн арналган жашыруун код. PIN-код төрт сандан турат. |
| НБП | Нак акча берүү пункту. |
| POS-терминал | Бул электрондук эсептөөчү түзүлүш. Ал нак акча каражаттарын чыгаруу үчүн Банк тарабынан банктын бөлүмдөрүнө орнотулат, ошондой эле Карт Ээси товарларды жана кызматтарды карттын жардамы менен төлөө боюнча карттык операцияларды жүргүзүүдө пайдалануусу үчүн соода жана тейлөө ишканаларында орнотулат |
| СТИ | Карттарды кабыл алуу жана тейлөө үчүн ПОС-терминалы бар соода-тейлөө ишканасы. |
| Стоп-баракча | Төлөм системасында төлөм каражаттары катары кабыл алууга Банк тарабынан тыюу салынган карттардын тизмеси. |
| Эсеп-көчүрмө (мындан ары текст боюнча көчүрмө) | Карт Ээсинин карт-эсебинде акча каражаттарынын калдыктары, белгилүү бир мезгилдин ичинде акча каражаттарынын карт-эсеп боюнча жүргүртүүлөрү жана карт аркылуу жүргүзүлгөн операциялары жөнүндө отчет. |
| Транзакция | Картты колдонуу менен товарларды, кызматтарды сатып алуу, нак акча каражаттарын алуу операциясы, ал операциянын жыйынтыгында карт эсепти транзакциянын суммасына дебеттөө же кредиттөө жүргүзүлөт. |
| Техникалык офердрафт | Карт-эсептеги жеткиликтүү калдыктан ашык сумманын төлөнүп берилгендигине (чыгымдоо операцияларына) байланыштуу келип чыккан карыз. |
| Фишинг | Интернет-алдамчылыктын бир түрү, анын максаты колдонуучунуну купуялуу маалыматтарына – логиндерге, купуя белгилерге, өздүк эсептин жана банктык карттардын маалыматтарына жеткиликтүүлүк алуу болуп саналат. Негизинен банктын, белгилүү компаниялардын же уюмдардын атынан өзүнө жалган сайттарга шилтеме камтыган массалык каттарды жөнөтүү жүргүзүү усулу колдонулат. Ал сайттар тышынан караганда чыныгы сайттарга окшош, бирок алар жасалма болуп саналашыат. Каттарда жеке маалыматтарыңызды жаңыртууну же тастыктоону өтүнүшөт, көп учурларда маалыматтар менен кандайдыр бир көйгөйлөр жаралгандыгын эскертишет. Андан кийин сизди жасалма сайттарга багытташып, эсепке алуу маалыматтарын киргизүүнү өтүнөт. Эгерде ал алдамчылардын колуна керектүү маалыматтар тийип калса, жеке маалыматтардын жана каражаттардын уурдалышына алып келиши мүмкүн. |
| CVV-код (card verification value 2) | Интернет аркылуу төлөөдө жана операциялардын башка түрлөрүн жүргүзүүдө карттын аныктыгын текшерүү үчүн үч орундуу код. |
| 3D Secure | Бул интернет тармакта карттар боюнча жүргүзүлчү төлөмдөрдүн коопсуздугун камсыздоо үчүн арналган заманбап технология, 3D Secure купуя белгини киргизүү аркылуу карт Ээсин кошумча идентификациялоого жана Интернетте картты колдонуу аркылуу алдамчылыктын болуу тобокелдигин болушунча азайтат. |
| Google Pay | VISA картасы байланыштырылган смартфон аркылуу (NFC функциясы кошулган, 4.4. жана андан жогорку Android версиядагы телефондордо иштейт) дүкөндөрдө, сайттарда/тиркемелерде сатып алууларды төлөөгө, ошондой эле контактсыз ыкма менен нак акча каражаттарын алууга мүмкүндүк берүүчү сервис. С помощью VISA картасынын ээлери Google Pay тиркемесинин жардамы менен Google аккаунтуна |

| | |
|---|---|
| | байланыштырылган банктык картты колдонуу менен интернет дүкөндөрдөгү, сайттардагы жана тиркемелердеги сатып алууларды төлөй алат. |

**2. Жалпы жоболор.**

2.1. Банктык төлөм карттарды колдонуу эрежелери (мындан ары текст боюнча – Эрежелер) Банк тарабынан карттарды чыгаруу жана тейлөө тартибин, карттарды колдонуу менен операцияларды жүргүзүү тартибин, ошондой эле карттарды коопсуз колдонуу боюнча эрежелерди аныктайт.

2.2. Карт Ээси менен Банктын ортосундагы картты чыгаруу жана тейлөө боюнча укуктук мамилелер “БАКАЙ БАНК” ААКта жеке адамдарды банктык тейлөө шарттарынын (мындан ары текст боюнча Келишим) алкагында жөнгө салынат

2.3. Картты башка адамдарга пайдаланууга берүүгө же күрөөгө коюуга тыюу салынат. Ыйгарым укугу жок адамдар тарабынан берилген карттар алынууга жатат.

2.4. Карт Банктын менчиги болуп саналат, карттын аракеттенүү мөөнөтү, Келишимдин мөөнөтү аяктагандан кийин же Банктын биринчи талабы боюнча карт милдеттүү түрдө Банкка кайтарылууга жатат.

2.5. Ушул эрежелер жана Банктын тарифтери Банктын www.bakai.kg. дареги боюнча расмий сайтында жайгаштырылган

2.6. Банк ушул Эрежелерди бир тараптуу өзгөртүүгө укуктуу. Мындай учурда Банк Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген мөөнөттү эске алуу менен Банктын www.bakai.kg дарегиндеги расмий сайтына өзгөртүүлөрдүн киргизилгендиги жөнүндө билдирүү жайгаштырышы керек.

**3. Картты берүү тартиби**

3.1. Банк даярдалган картты Карт Ээсинин өзүнө же анын ишенимдүү адамына берет. Картты алууда карт Ээси карттын артындагы атайын талаага кол тамгасын коюушу керек.

3.2. Карт PIN-конвертте салынган PIN-код менен чогуу берилет. PIN-код Банк тарабынан PIN-конвертке салынып берилет же Карт ээси аутентификациялоодон кийин PIN-кодду BAKAI24 (мындан ары – BAKAI24) мобилдик тиркеме аркылуу өзү ыйгарат. PIN-код BAKAI24 мобилдик тиркемеси аркылуу берилген учурда PIN-кодду активдештирүү үчүн аны киргизүү менен банкоматта алгачкы операцияны жүргүзүү зарыл.

3.3. Карт Ээсинин карт-эсебиндеги каражаттарды коргоо максатында Банк ПИН-кодду үчүнчү жактарга билдирбөөнү жана кагазга жазып сактабоону сунуштайт.

3.4. Картты алууда сиздин карттагы латын тамгасы менен жазылган атыңыз сиздин чет өлкө паспортунда жазылган атыңыз менен дал келерин текшериңиз. Дал келбей калса, чет мамлекеттен сатып алуу жүргүзүүдө көйгөйлөр жаралышы мүмкүн.

3.5. Банк картты Бишкек шаарында 5 (беш) жумуш күндүн ичинде жана Республиканын аймактарында 13 жумуш күндүн ичинде тапшырат.

3.6. Картты тез арада чыгаруу керек болгон учурда Бишкек шаарында 2 (эки) жумуш күндүн ичинде, Республиканын аймактарында 7 (жети) жумуш күндүн ичинде, Банктын тарифтерине ылайык даярдалат.

3.7. Тез арада чыгаруу үчүн тарифтерге ылайык комиссия толук төлөнмөйүн Банк картты тез арада чыгарбайт

3.8. Карт чыгарылып, бирок карт Ээси картты алуу үчүн Банкка билдирме берилген күндөн баштап 6 (алты) ай бою кайрылбаса, Банк картты жокко чыгарып, аны чыгуруу үчүн жана жылдык тейлөө үчүн карт Ээси тарабынан толук же жарым-жартылай төлөнгөн комиссияны кайтарбай коюуга укуктуу.

3.9. Карттын алдыңкы бетинде төмөнкүлөр бар:

- Банктын логотиби;
- төлөм системасынын логотиби;
- орнотулган чип (микропроцессор) – карт Ээси тууралуу маалыматтын ишенимдүү сактоочусу болуп саналат;
- карттын 16 цифрадан турган номери;
- Карт Ээсинин фамилиясы жана аты (латын тамгасы менен). Карттар кайра чыгарылган учурда картта фамилиянын жана аттын жазылбай калышына жол берилет.
- карттын аракеттенүү мөөнөтү аяктоочу дата.

3.10. Карттын арткы бетинде төмөнкүлөр жайгашкан:

- карт Ээси жөнүндө маалыматтар жазылчу магниттик тилке, ал кара түстө болот;
- Карт Ээсинин кол тамгасын коюу үчүн атайын бөлүнгөн орун;
- Банктын жана МПЦнын күнү-түнү иштөөчү, маалымат берүүчү телефону;
- (CVV2) текшерүү коду бул код интернет аркылуу операцияларды жүргүзүү үчүн колдонулат.

3.11. Магниттик тилкенин бузулушун болтурбоо үчүн картты сактоонун төмөндө келтирилген эрежелерин кармануу керек:

- ачык күйгөн оттун жанына калтырбоо;
- турмуш тиричилик жана баша приборлордун жанына калтырбоо, анткени нурлануу карттын магниттик тилкесине түшүрүлгөн маалыматтын бурмаланышына алып келиши мүмкүн;
- механикалык урунууну болтурбоо;
- магниттик кулпусу бар капчыктарга сактабоо;
- картты +40 градус ысыкта күнгө көпкө коюуга болбойт, анткени пластик мыйрыйып калышы мүмкүн;
- картты -20 градус суукта көпкө коюуга болбойт, анткени пластик катуу суукта сынып калышы мүмкүн;
- картты ачкычтар жана майда тыйындар менен чогуу кармоого болбойт. Металл предметтерге сүрүлүп отуруп, карттын маалыматтары өчүп калышы мүмкүн;
- картты шымдын арткы чөнтөгүнө салууга болбойт, анткени карт жоголушу мүмкүн же Сиз унутуп калып, жуулуп кетиши мүмкүн;
- автоунаалардын айнегин кирден жана кыроодон тазалоочу каражат катары колдонбоо керек.

Магниттик тилке же бүтүндөй карт бузулган учурда картты кайра чыгаруу карт Ээсинин эсебинен жүргүзүлөт.

3.12. VISA жана ЭЛКАРТ NFC карттары контактсыз колдонуу режими менен чыгарылат, бул режим кардардын каалоосу боюнча өчүрүлүшү мүмкүн эмес.

**4. PIN-кодду пайдалануу.**

4.1. Карт PIN -конверт менен чогуу берилген учурда PIN -конвертти алар замат аны ачып, PIN -коддуу эске тутуп калып, конвертти жана ичмекти жок кылуу керек.

4.2. Карт PIN -конвертсиз берилген учурда карт Ээси PIN -кодду BAKAI24 мобилдик тиркемеси аркылуу өзү ыйгарат. Бул үчүн «Настройки» бөлүмүндө - Присвоить/Сменить PIN-код басуу керек. Карт ээси карттын номери, аяктоо мөөнөтү өндөнгөн бардык керектүү маалыматтарды киргизип, тастыктоо үчүн бир жолку OPT код киргизет. PIN -кодду активдештирүү үчүн белгиленген PIN -кодду киргизүү менен банкоматта алгачкы транзакция жүргүзүүсү керек (нак акча каражаттарын чыгаруу опреациясын жүргүзүү керек).

4.3. Банктын банкоматында PIN -кодду өзгөртүү банкоматтын экранында берилген нускамага ылайык ишке ашырылат. PIN -кодду банкоматта өзгөртүү үчүн карттын жана PIN -коддун болушу зарыл.

4.4. PIN -кодду BAKAI24 тиркемеси аркылуу өзгөртүү 4.2. пунктка ылайык жүргүзүлөт, бул учурда эски PIN -код текшерилбейт

4.5. Сандардын айкалышы (4 сан) карт Ээсинин каалоосу боюнча тандалат. Өзүңүздүн телефон номериңиздин акыркы сандары, туулган күнүңүзүн датасы ж.б. сыяктуу жеңил чечмеленүүчү жана оңой болжолдонуучу сандык айкалыштардан оолак болуңуз

4.6. PIN -кодду терүүдө электрондук түзүлүштүн дисплейиндеги сандар атайын көрсөтүлбөстөн, шарттуу белгилер чыгат. Терүүдө катачылыктарга жол бербөө керек. Удаасы менен үч жолу PIN -код туура эмес терилсе (кандай болбосун убакыт аралыгында, бир же ар түрдүү электрондук түзүлүштөрдү пайдалануу менен), карт автоматтык түрдө тосмолонот жана кырдаал аныкталганга чейин банкомат тарабынан кармалып калат же тейлөө пунктунда алынат

4.7. PIN -кодду терүү менен тастыкталган карттык операцияларды Банк карт Ээси тарабынан жүргүзүлгөн операциялар катары карайт.

4.8. PIN-кодду карт менен чогуу сактабагыла, PIN-кодду картка жазбагыла, жана үчүнчү жактарга билдирбегиле.

**5. Картты колдонуу.**

- Картты кабыл алуучу соода-тейлөө ишканаларында товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн нак эмес формада төлөө.
- Банктык мекемелерде жана банкоматтар аркылуу нак акча каражаттарын алуу.
- Интернет тармагында операцияларды жүргүзүү.
- Операцияларды мобилдик тиркемелер же интернет-банкинг аркылуу жүргүзүү.
- Акча каражаттарын карттан картка которуу.
- Банктын кассалары жана төлөм терминалдары аркылуу карттык эсепти толтуруу.

**6. Соода-тейлөө ишканаларында карт менен төлөө процесси.**

6.1. Карттарды тейлөөчү бардык пункттар төлөм системаларынын логотиптери менен жабдылат (мисалы: ЭЛКАРТ/VISA/MasterCard/UPI/Мир) мунун өзү ошол пунктта картты тейлөө мүмкүн экендиги жөнүндө карт Ээсине билдирүү үчүн жасалат.

6.2. Сатылып алынган товарларды же көрсөтүлгөн кызматтарды төлөө үчүн соода түйүнүнүн кызматкерине картты берүү керек. Эгерде Сиздин картыңыздын NFC контактсыз модулу бар болсо жана түзүлүштүн контактсыз төлөө колдонмосу бар болсо, анда смартфонду түзүлүшкө тийгизип коюу жетиштүү.

6.3. Нак эмес төлөө карт боюнча белгелинген лимиттин алкагында жана банк-эквайер (POS-терминал кимге таандык болсо) тарабынан түзүлүштө белгиленген лимиттин алкагында жүргүзүлөт.

6.4. Соода-тейлөө ишканаларында картты колдонуу менен жүргүзүлгөн бардык транзакциялар карт Ээсинин катышуусу менен жүргүзүлүшү керек. Мунун өзү карт Ээсинин картта көрсөтүлгөн жеке маалыматтарды мыйзамсыз алуу тобокелдигин азайтуу үчүн керек.

6.5. Кээ бир соода жана тейлөө уюмдарында ири сатып алуулар жүргүзүлгөн учурда өздүгүн тастыктоочу документ талап кылынышы мүмкүн. Ошондуктан сатып алууларды карт аркылуу төлөө учурунда Банк паспортту же өздүгүн тастыктоочу документти өзү менен ала жүрүү керек экендигин сунуштайт.

6.6. Кассир картты кабыл алып, POS-терминалдын жардамы менен аны авторизациялайт. Бул үчүн ал картты терминалдын эсептөөчү түзүлүшүнө жайгаштырат, клавиатурадан операциянын суммасын терет же контактсыз чип-ридер аркылуу эсептейт. Сурам Банкка байланыш каналдары аркылуу келип түшөт. Карт Ээси ПИН-кодду туура терип, карт-эсепте акча каражаттары жетиштүү болгон учурда транзакциянын жүргүзүлгөндүгүн тастыктоочу эки нускадагы чек басылып чыгат. Чектин бир нускасы карт Ээсине берилет. Чекте көрсөтүлгөн маалыматтардын туура экендигине көңүл буруу керек. Кабыл алуучу технологияга жараша, басылып чыккан чек Карт ээсинин жана кассирдин кол тамгалары менен тастыкталат. Контактсыз режимдеги карт/смартфон аркылуу төлөгөн учурда түзүлүштө же картта белгиленген лимиттин чекетеринде жана Төлөм системалардын эрежелеринде берилген уруксаттын алкагында PIN-код суралбашы мүмкүн.

6.7. Банктагы карт-эсептен чыгарыла турган сумма коюлган эмес болсо же операциянын башка маалыматтары көрсөтүлгөн эмес болсо (мисалы датасы), чекке кол тамга коюуга тыюу салынат. Маалыматтар туура эмес көрсөтүлгөндүгү аныкталган учурда кол тамга коюудан баш тартып, жүргүзүлгөн операцияны жокко чыгарууну өтүнүү керек. Операция жокко чыгарылган учурда операциянын жокко чыгарылгандыгы жөнүндө чекти алуу зарыл.

6.8. Банк товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн карт аркылуу төлөнгөндүгүн тастыктоочу чектердин көчүрмөлөрүн сактоону сунуштайт. Бул документтерди сактоо карт-эсептен туура эмес чыгаруулардын орун албоосуна кепилдик берет.

6.9. Банк карт аркылуу төлөөнү ишеним жаратткан соода-тейлөө ишканаларында гана жүргүзүүнү сунуштайт, өзгөчө алдамчылык деңгээли жогору өлкөлөргө (Африка өлкөлөрү, Түштүк-чыгыш Азия өлкөлөрү, Латын Америка өлкөлөрү, Чыгыш Европа өлкөлөрү, Турция, АКШ) саякатка барган учурда муну эске алуу керек.

**7. Интернет тармагында карт аркылуу төлөө процесси.**

7.1. Интернет тармагында товарлар же кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөм карт аркылуу төлөө өзүнө карттын физикалык катышуусун талап кылбайт, бирок карттын реквизиттери колдонулат, милдеттүү реквизиттер болуп – карттын номери, карттын аракеттенүү мөөнөтү, карт Ээсинин эмбоссирленген аты (картта жазылган аты жана фамилиясы) эсептелет. Интернет тармагында төлөмдөрдү жүргүзүүдө Интернет-ресурстун тейлөө шарттарына ылайык CVV2, 3D Secure купуя белги сыяктуу реквизиттер дагы суралышы мүмкүн. Төлөөнү акырына чыгаруу үчүн “Оплатить” баскычын басуу керек.

7.2. VISA карттарында кардарларга баштапкы үлгү боюнча 3D Secure коопсуздук технологиясына жектиликтүүлүк ачылат, ошондуктан VISA карттары боюнча интернет операцияларга жеткиликтүүлүк баштапкы үлгү боюнча кошулат.

7.3. ЭЛКАРТ улуттук төлөм системасынын карттары боюнча интернет операцияларга жеткиликтүүлүк карт Ээсинин Арызынын негизинде ачылат. КР чектеринен тышкаркы сайттарда ЭЛКАРТ NFC карттары боюнча интернет-операцияларды жүргүзүүгө тыюу салынат.

7.4. Интернет тармагында операциялар карт боюнча лимиттин жана банк-эквайер тарабынан белгиленген лимиттин алкагында жүргүзүлөт.

7.5. Мындай жеткиликтүүлүктүн мүмкүнчүлүктүү кесепеттери үчүн, анын ичинде үчүнчү жактар тарабынан банктык төлөм карт боюнча Интернет аркылуу санкцияланбаган операциялардын жүргүзүлүш тобокелдигинин болуу мүмкүндүгү үчүн бардык жоопкерчилик Карт ээсине жүктөлөт. Ошону менен бирге Банк ошондой операциялар боюнча акча каражаттарын кайтаруу жана/же дооматтык иштер жөнүндө Арызды кабыл албоого укуктуу.

7.6. Интернет тармагында төлөмдөрдү жүргүзүүдө коопсуздукту сактоонун негизги маселеси болуп, төлөм жүргүзүүчү карт Ээсин идентификациялоо эсептелет. Интернет-дүкөндө же Интернет тармагында кызматтарды сунуштоочуларга төлөө жүргүзүү үчүн CVV2/CVC2 коду колдонулат.

7.7. CVV2/CVC2 коду – бул үч орундуу код, ал карттын арткы бетине басылат.

7.8. Банк сатып алууларды белгилүү компаниялардын ишенимдүү сайттарында гана жүргүзүүнү сунуштайт.

7.9. Интернет тармагында операцияларды коопсуз жүргүзүүнү камсыздоо үчүн 3D Secure коопсуздук технологиясы колдонулган сайттарда төлөм жүргүзүүнү сунуштайт. Карттарды 3D Secure технологиясына кошуу автоматтык режимде жүргүзүлөт. Карттын 3D Secure технологиясына кошулгандыгы жөнүндө маалыматты Банкка кайрылып тактаса болот. ЭЛКАРТ улуттук төлөм системасы аркылуу жүргүзүлчү операциялар үчүн 3D Secure протоколу колдонулбайт

7.10. 3D Secure технологиясы пайдаланылуучу Интернет тармагында операция жүргүзүүдө карт Ээси картты ачып жаткан учурда көрсөткөн номерге СМС аркылуу келип түшкөн купуя белгини карт Ээси киргизиши керек. СМС-купуя белги бир жолку болуп эсептелет жана бир гана сатып алуу жүргүзүү үчүн жарактуу.

7.11. Интернте тармагында операция жүргүзүү алдында Карт ээси төмөнкүлөрдү аткаруусу керек:

- Өзүнүн браузерин жаңыртылган абалда кармоо жана коопсуздукту өз учурунда жаңыртып туруу.
- Карттын аракеттенүү мөөнөтүн, тосмолонбогондугун ж.б. текшерип туруу
- Төлөмдү жүргүзүү үчүн карттагы акча каражаттарынын жетиштүүлүгүн текшерүү.
- Автоматтык түрдө кайра багытталган барактарда же калкыма терезелерде операция жүргүзүүдөн кармануу.
- Төлөө жүргүзүү жана тапшырыкты тастыктоо үчүн карт Ээси сайттын көрсөтмөлөрүн так аткаруусу керек.

7.12. Төлөм жүргүзүлбөй калуусунун мүмкүнчүлүктүү себептери:

- Картта каражаттардын жетишсиз болуусу.
- Карт боюнча төлөмдөрдү Интернет тармагында жүргүзүүгө тыюу салынган болуусу же башка чектөөлөрдүн белгилениши.
- Карттын аракеттенүү мөөнөтүнүн аякташы.
- Карт Ээси тарабынан 3D Secure купуя белгисинин көрсөтүлбөшү.
- Карт тосмолонгон болушу мүмкүн.
- Тыюу салынган операцияларды жүргүзүүгө банк тарабынан тыюу салынышы (кумар оюн жүргүзүү боюнча ишмердик, эскорт кызмат көрсөтүү).
- Картты ачууда туура эмес/жоголгон телефон номери көрсөтүлүп, 3D Secure кодун камтыган билдирүү туура эмес көрсөтүлгөн номерге келүүсү.
- Сайт же өлкө кара тизмеге киргизилген жана тобокелдиги жогору катары эсептелет.
- cookie браузерлери тарабынан уруксат берилген эмес.

Себебин билүү үчүн карт Ээси Банкка кайрылуусу керек.

7.13. Төлөмдү толук же жарым-жартылай жокко чыгаруу үчүн карт Ээси төлөмдү кайтарууну демилгелөө максатында Интернет дүкөндүн кардарларды колдоо кызматына кайрылуусу керек.

7.14. Кайра даректөө жүрүп жаткан сайттын дарегин (URL) кунт коюу менен талдап чыгуу керек. Сайт чыныгы сайтка окшош көрүнгөнү менен фишинг учурларында URL-дарек түп нускадан айырмаланышы мүмкүн (мисалы .com менен аяктагандын ордуна .gov менен аякташы мүмкүн.

7.15. Кардар Интернет аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүүгө жеткилик алуудан баш тартууга укуктуу, бул үчүн ал Интернет операцияларга жеткиликтүүлүктү өчүрүү жөнүндө арыз жазуу максатында Банкка паспорту менен келиши керек.

7.16. Кардар Интернет аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүүгө жеткилик алуудан баш тартууга укуктуу, бул үчүн ал Интернет операцияларга жеткиликтүүлүктү өчүрүү жөнүндө арыз жазуу максатында Банкка паспорту менен келиши керек.

**8. Банкоматтан нак акча каражаттарын алуу.**

8.1. Банкоматты колдонуу алдында ага мүнөздүү болбогон белгилердин жок экендигине көңүл буруу керек: ПИН-клавиатуранын тегиз эмес болушу, банкоматтын экранынындагы бузулуулар ж.б. Шектүү белгилер бар болгон учурда андай банкоматта операцияларды жүргүзүүдөн кармануу керек жана банкоматта көрсөтүлгөн телефон аркылуу же Байланыш борбору аркылуу Банктын кызматкерлерине өзүнүн шектенүүлөрү жөнүндө билдириши керек.

8.2. Банкоматтан нак акчаларды чыгаруу PIN-код менен тастыкталат жана банкоматтын экранында баяндалган нускамага ылайык, карт Ээси тарабынан өзүн өзү тейлөө режиминде ишке ашырылат.

8.3. Кызмат көрсөтүүдөн баш тартуу үчүн «Жокко чыгаруу» / «Cancel» баскычтарын басып, операцияны жокко чыгаруу керек.

8.4. ПИН-кодду башка адамдарга көрсөтпөй териңиз. ПИН-кодду үч жолу туура эмес киргизсеңиз карт тосмолонуп, банкомат тарабынан алынышы мүмкүн

8.5. Транзакцияны жүргүзүү үчүн башка адамдар сунуштаган жардамды кабыл албаңыз.

8.6. Адатта КР аймагынан тышкары жерлерде банкоматтардан нак акча каражаттары ошол өлкөнүн валютасында берилет, ошондой эле банк-эквайерлер нак акча каражаттарын берүү үчүн кошумча комиссияларды киргизиши мүмкүн. Андан тышкары банк-эквайер берилчү нак каражаттардын суммасына карата жана транзакциялардын суммасына карата өзүнүн лимиттерин белгилеши мүмкүн.

8.7. “Кыргыз Республикасында банктык төлөм карттар жөнүндө” жобого ылайык карт Ээси тарабынан банкомат аркылуу чыгарылчу бир транзакциянын суммасы улуттук валютада 400 (төрт жүз) эсептик көрсөткүчтөн же чет өлкө валютасында ошондой эквиваленттен ашпоосу керек. Ар түрдүү банктардын банкоматтарында бир жолку чыгарылчу акча каражаттарынын суммасы айырмаланышы мүмкүн, бирок 8.7. пунктта көрсөтүлгөн суммадан ашпоосу керек.

8.8. Банкомат нак акча каражаттарын бергенден кийин картты кайтарат жана дүмүрчөк басып чыгарат.

8.9. Банкоматтар аркылуу алынчу дүмүрчөктү сактоо сунушталат, анткени ал ПИН-код менен күбөлөндүрүлүп, бүтүмдүн тастыктоосу болуп саналат

8.10. Экранда “Картыңызды алыңыз” жазуусу пайда болор замам картты алыңыз, антпесеңиз 20 секунддан кийин карт банкомат тарабынан кармалып калат, анткени банкомат картты унутуп калды деп эсептейт.

8.11. Банкомат тарабынан берилген акчаны 20 (жыйырма) секунддун ичинде алуу керек, антпесе коргоо системасы ишке кирип, банкомат акчаны артка кайтарып алат. Мунун өзү акча каражаттарын банкоматтарда алуу учурунда тобокелдиктерди болушунча төмөндөтүү максатында караштырылган.

8.12. Сиздин картыңыз же акча каражаттарыңыз банкомат тарабынан кармалып калган учурда шар эле кетип калбастан, алар чын эле кармалып калгандыгын текшериңиз. Андай болбогон учурда сиз банкоматтан алыстап кеткенден кийин ал картты же акча каражаттарын кайтарып берип салышы мүмкүн.

8.13. ПИН-код туура терилгендигине карабастан карт боюнча карттык операциялар төмөнкү себептер боюнча четке кагылышы мүмкүн:

- Суралып жаткан сумманын банкоматтын кассеталарындагы банкноттор менен берилиши мүмкүн эмеситиги. Ошол банкоматка карата нускамада көрсөтүлгөн банкноттун номиналына караганда аз сумманы суроо керек.
- Суралып жаткан сумма банкоматтын нак акча каражаттарын берүүчү түзүлүшүнүнүн габариттери менен аныкталуучу бир жолку берилчү лимиттен ашык болсо. Суралып жаткан сумманы бөлүктөргө бөлүп, операцияны бир нече жолу кайталоо керек.
- Суралып жаткан сумма карт Ээсине жеткиликтүү болгон суммадан ашык болсо. Карт-эсептеги акча калдыгын басып чыгаруу функциясын чакыруу менен калдыктын өлчөмүн тактап, азыраак сумманы сурoo керек.
- Суралып жаткан сумма карт Ээсине бир суткада түзүлүш боюнча жеткиликтүү болгон лимиттен ашык болсо. Керектүү сумманы банктын кассасы аркылуу чыгаруу үчүн эсеп ачылган банктын бөлүмүнө кайрылуу керек.

- Банкоматтан нак акча каражаттарын чыгарууда ошол банкомат Сизге керектүү төлөм системасын тейлей тургандыгына көңүл буруңуз (адатта банкомат тейлей турган төлөм системаларынын логотиптери банкоматта бар болот).

**9. Акча каражаттарын карттан картка которуу.**

9.1. Бир картта башка картка акча каражаттарын «CardEX» акча которуу кызматын пайдалануу менен банкоматтар аркылуу которууну банкоматтын экранында берилген нускамага ылайык ишке ашырса болот. Эскертүү: банкоматта ошол функционалдын болуусу зарыл. Которууну “МПЦ” ЖАК процессингинде тейленүүчү кайсы болбосун ЭЛКАРТ жана VISA карттарына которууга болот.

9.2. Банктын мобилдик банкинги/интернет банкинги аркылуу которуу “Которуулар” бөлүмүндө ишке ашырылат.

9.3. Башка мобилдик тиркемелер аркылуу которуу.

9.4. Бул кызматтар аркылуу акча каражаттарын которуу үчүн карттын толук номерин, кээ бир учурларда алуучунун картынын аракеттенүү мөөнөтүн билүү керек жана которуунун суммасын көрсөтүү керек.

**10. Карттык эсепти толтуруу.**

10.1 Карт-эсепти төмөнкү ыкмалардын бирин колдонуу менен толтурууга болот:Банктын кайсы болбосун филиалында же сактык кассасында нак каражаттар менен;

- башка Банктардан нак эмес которуулар. Карт-эсептин реквизиттерин алдын ала билүү зарыл;

- Банктын төлөм терминалдарында акысыз;
- Банктын төлөм терминалдарында, ошондой эле QuickPay, Мегаком, Pay24 терминалдарында, ар кандай электрондук капчыктарда, Мегаком бөлүмдөрүндө тарифтерге ылайык;
- мобилдик тиркемелер аркылуу нак эмес которуулар;

**11. Карт алынган учурлар.**

11.1. Карттын банкомат тарабынан кармалып калышынын себептери:

- карттын Банк-эмитент тарабынан катуу стоп-баракчага киргизилиши;
- карттын ПИН-кодунун үчтөн ашык жолу туура эмес киргизилиши;
- карттын аракеттенүү мөөнөтүнүн аяктоосу;
- байланыштын үзгүлтүккө учурашы;
- банкоматтын бузук болушу.

11.2. Карт банкомат тарабынан кармалып калган учурда төмөнкү нускаманы аткаруу керек:

- алгач, чындыгында эле карт банкомат тарабынан кармалып калгандыгын жана кийинки кардарга берилбей тургандыгын текшерүү керек;
- эгерде банкомат чын эле картты кармап калган болсо, банкоматты орноткон банк менен байланышуу керек. Банктын координаттары жана телефон номерлери адатта банкоматтын өзүндө же банкомат жайгашкан жерде көрсөтүлөт;
- банкоматты тейлөөчү банк менен байланышып, кырдаалды түшүндүрүп, картты кайтарып алуу жолун жана мезгилин такташып алуу керек;
- банкоматты тейлөөчү банкты аныктоо мүмкүн эмес болсо, анда картты берген банк менен байланышып, өлкөнү, шаарды, көчөнү жана банкомат жайгашкан үйдүн номерин билдирүү керек. Банктын адистери сиздин андан аркы көрө турган аракеттериңиз жөнүндө керектүү кеңештерди беришет;
- картты алуу үчүн өздүгүн тасыктоочу документин өзү менен кошо ала келүү керек.

**12. Карт жоголгон/уурдалган учурда эмне кылуу керек?**

- Карт жоголгон же уурдалган учурда картты тосмолоо жөнүндө оозеки же жазуу жүзүндөгү талабы (арызы) менен токтоосуз түрдө Банкка (же Процессинг борборуна же Банктын ошол жердеги кайсы болбосун филиалына) кайрылуу керек:
- Банктын байланыш борбору: **+996 (312) 61-00-61 или 6111 күнү-түнү**
- МПЦ Call – борбору: **+996 (312) 63 76 96; +996 (312) 66 43 25 күнү-түнү**
- **Кардар BAKAI24 мобилдик тиркемеси аркылуу “Настройки” менюсуна кирип, картты өз алдынча тосмолой алат.**

12.1. Карттын жоголгондугу/уурдалгандыгы тууралуу Банкка канчалык эрте билдирилген болсо, карттагы каражаттарды башка адамдардын пайдалануу мүмкүндүгү ошончолук төмөн болот.

12.2. Карт тосмолонгонго чейинки жүргүзүлгөн карттык операциялар үчүн жоопкерчиликти карт Ээси тартат жана картты тосмолоо күчүнө киргенден кийин ал жоопкерчиликтен бошотулат.

12.3. Жоголгон же уурдалган деп билдирилген картты карт Ээси өзү таап алган учурда ал тууралуу токтоосуз түрдө Банкка билдирүү керек. Ал картты колдонууга болбойт, анткени ал карт банкомат тарабынан кармалып калат. Картты тосмодон чыгаруу үчүн же кайра чыгаруу үчүн Банкка кайрылуу керек.

12.4. Банк кийинки айларда карт-эсеп боюнча көчүрмөнү текшерип турууну сунуштайт. Мунун өзү карт боюнча санкцияланбаган транзакциялар жүргүзүлбөгөндүгүн текшерүүгө мүмкүндүк берет.

12.5. Эгерде картты башка бирөө таап алган болсо, же ага үчүнчү жактар жеткиликтүүлүккө ээ болсо, маалыматтардын компрометацияланышын жана санкцияланбаган операциялардын жүргүзүлүшүн болтурбоо үчүн картты кайра чыгаруу сунушталат.

**13. Төлөм системасында адаттан тышкаркы кырдаалдар.**

13.1. Төлөм системасында төмөнкүдөй адаттан тышкаркы кырдаалдар келип чыгышы мүмкүн:

- энерго жабдууларда үзгүлтүктөр;
- байланыш каналдарында үзгүлтүктөр;
- аппараттык жана программалык камсыздоо системасындагы үзгүлтүктөр;
- форс-мажордук кырдаалдар (өрт, суу ташкыны, жер титирөө ж.б.)

13.2. Төлөм системасында ушундай кырдаалдар келип чыккан учурда Банк Келишим боюнча милдеттенмелерин аткара албай калгандыгы үчүн жоопкерчилик тартпайт.

13.3. Банк карттык операциялар боюнча кызматтарды сунуштоо процессине катышкан жабдуунун жана системалардын үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыздоо үчүн бардык чараларды көрөт.

**14. Карт боюнча шектүү операциялар.**

14.1. Карт-эсеп боюнча көчүрмөдө талаштуу операция табылган учурда жүргүзүлгөн тигил же бул сумманы аныктоо үчүн Банктын кардарына кайрылуу керек. Карт боюнча каражаттарды санкцияланбаган колдонуу орун алган учурда доо-арыз жазуу керек.

14.2. Карт боюна алдамчылык/мүнөздүү болбогон аракеттер жасалгандыгы боюнча шектенүүлөр жаралган учурда Банк карт Ээсинен тактоо/тастыктоо алынган учурга чейин картты тосмолоп коюуга укуктуу.

14.3. Операциянын тууралыгына карата доо-арыз ошол операция жүргүзүлгөн учурдан баштап 45 (кырк беш) банктык күндүн ичинде берилет. Бул мөөнөт аяктагандан кийин Банк карт Ээсинин доо-арызын кабыл албай коюуга укуктуу

14.4. VISA карттары аркылу жүргүзүлгөн эл аралык операциялар боюнча доо коюлчу минималдык сумма 15 долларды же улуттук валютада ошондой эквивалентти түзөт.

14.5. Талаштарды чечүү процесси төмөнкүчө жүргүзүлөт:

- карт Ээси жазуу жүзүндөгү арызын бергенден кийин Банк операция чындыгында эле жүргүзүлгөндүгүн текшерүү үчүн доо-арыз жазылган операция боюнча иликтөө иштерин жүргүзөт. Банк кошумча документтерди сурам кылууга укуктуу (төлөгөндөн кийинки чек, АТМден акча акча каражаттарын алгандан кийинки чек);
- акча каражаттары туура эмес алынган болсо жана карт Ээсинин күнөөсү жок болсо, Банк акча каражаттарын кайтарып берет;
- Банк тарабынан доо-арызды карап чыгуу жана чечимдерди кабыл алуу мөөнөтү эки айга чейин созулушу мүмкүн.

14.6. Карт Ээсинин жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде жүргүзүлгөн ревизиянын/кайра саноонун негизинде банкоматта ашыкча акча каражаттары жок экендиги аныкталса, карт Ээсинин банкоматтан акча каражаттарын кем алып калгандыгы жөнүндө доо-арызын Банк канааттандыруудан баш тартат.

14.7. Карт Ээсинин карты боюнча шектүү операциялар, анын ичинде алдамчылык операциялары жүргүзүлгөндүгү жөнүндө факт аныкталган учурда банк КР колдонуудагы мыйзамдарына ылайык ал тууралуу маалыматты Ыйгарым укуктуу Органга өз учурунда билдирүүгө милдеттүү.

**15. Карт боюнча алдамчылык операциялаларды болтурбоо максатында карт Ээси үчүн коопсуздук эрежелери.**

15.1. Картты үчүнчү жактарга берүүгө тыюу салынат.

15.2. Башка адамдарга карттын номерин, CVV кодду, карттагы атты, PIN-кодду, банк тарабынан жөнөтүлүүчү бир жолку 3D-secure купуя белгини билдирбегиле. Алар купуялуу маалымат болуп саналат, ал маалыматтардын жардамы менен алдамчылар сиздин акча каражаттарыңызга жеткиликтүүлүк алышы мүмкүн.

15.3. Картты алууга жана/же карттын номерин/кол тамга үлгүсүн/CVV кодду жана карттын башка маалыматтарын көчүрүп алууга мүмкүн болгондой жерге калтырбаңыз.

15.4. Карттын магниттик тилкесинин бузулуп калбашы үчүн картты электромагниттик нурлануу булактарынан (уюлдук телефон, телевизор, СВЧ-меш, аудио жана видео аппаратура) оолак жерге сактаңыз. Товарлардын магниттик кодировкасы колдонулган жерлерде эсептешүүдө сак болуңуз – мунун өзү картты банкоматтарда жана ПОС-терминалдарда иштетилбей калышына же туура эмес иштелишине алып келет. Карттын үчүнчү жактар тарабынан колдонулушун Банк ушл Эрежелерди орой түрдө бузуу катары карайт жана ушул Келишимдин Банк тарабынан бир тараптуу бузулушуна алып келет.

15.5. ПИН-кодду жашыруун сактоо зарыл. ПИН-кодду үчүнчү жактарга (тууганына, коллегасына, досторуна ж.б.) берүү карттын санкцияланбаган колдонулушуна, б.а. карт Ээсине таандык болгон каражаттардын чыгымдалышына алып келет. ПИН-кодду киргизүү менен жүргүзүлгөн операциялар карт Ээси тарабынан жүргүзүлгөн болуп эсептелет жана ал боюнча эч кандай дооматтар кабыл алынбайт

15.6. Картты ПИН-коду менен бирге сактоого тыюу салынат, ПИН-кодду карттын өзүнө жазууга же карт менен чогуу сакталчу документтерге жазууга тыюу салынат.

15.7. Сатып алуу жүргүзүп жаткан учурда картты көз алдыдан жоготпоо керек. Транзакция аяктар замат картты алып, өзүнүн карты экенин текшерүү керек.

15.8. Соода түйүндөрүндө карт аркылуу жүргүзүлгөн бардык операциялар сиздин катышууңуз менен жүргүзүлүшү керек.

15.9. Банкоматта операция жүргүзгөнгө чейин банкоматтын бузук экендигин билдирчү кандайдыр бир белгилер жок экендигине көңүл буруңуз, анын жанында же үстүндө башка түзүлүштөр орун алган болсо ал тууралуу ошол банкоматты тейлеген банкка билдириңиз дагы башка банкоматты пайдаланыңыз.

15.10. Экранында башка банкоматка өтүү өтүнүчү жазылган банкоматтарды пайланбаңыз. Банк ага окшогон билдирүүлөрдү жайгаштырбайт.

15.11. Мүмкүндүккө жараша Сизге тааныш банкоматтарды пайдаланууга аракет кылыңыз. Андай болбогон учурда жакшы жарыктандырылган жана ыңгайлуу жерге орнотулган банкоматтарды пайдаланыңыз.

15.12. Банкоматты пайдаланып жаткан учурда Сизди башка бирөөлөрдүн алагды кылуусуна жол бербеңиз.

15.13. Кийинки чыгымдоолорду контролдоо үчүн бардык чектерди сактоо сунушталат. Чектерди таштанды салчу контейнерге таштабаңыз.

15.14. Банк күмөндүү интернет сайттар сурам кылган учурда, ошондой эле кайсы болбосун мобилдик телефондорду өндүрүүчүлөр сурам кылган учурда (күмөн санаган учурда же маалымат чектелүү/жок болгон учурда) карттык маалыматтарды (карттын өзүнө түшүрүлгөн) киргизбөөнү сунуштайт, анткени карт Ээсине билгизбестен акча каражаттарын чыгарып алуу же уурдоо тобокелдиги жаралат.

15.15. Банкоматтарды мүмкүнчүлүккө жараша күндүз пайдалануу сунушталат, ал эми түн ичинде жакшы жарыктандырылган жерлерди тандап, транзакция жүргүзүп жаткан маалда чоочун адамдар жакын турбагандыгына көңүл буруңуз.

15.16. ПИН-кодду киргизүүдө ал ПИН-кодду чоочун адамдар көрбөгөндүгүнө көңүл буруңуз.

15.17. Картты колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын контролдонушун камсыздоо үчүн «SMS билдирүү» кызматын пайдалануу сунушталат. Ал кызмат карт Ээсинин арызынын негизинде Банк тарабынан кошулат.

15.18. Карт боюнча шектүү операция жүргүзүлгөн учурда Банкта карт Ээси менен телефон/электрондук почта/СМС аркылуу байланышуу мүмкүнчүлүгү болуусу үчүн Банкка берилген байланыш маалыматтарын жаңылап туруу зарыл

15.19. Интернетте иштөөдө коопсуздук принциптерин сактаңыз жана электрондук почта, социалдык тармактар, мессенджерлер аркылуу жөнөтүлгөн түшүнүксүз билдирүүгө же шектүү шилтемелерге кирбеңиз

15.20. Электрондук почтадагы билдирүүлөрдөн жүктөлгөн, Сиз күтпөгөн файлдарды жүктөбөңүз.

15.21. Өзүңүздүн купуя белгилериңиздин коопсуз сакталышын камсыздаңыз жана эч кимге билдирбеңиз.

15.22. Телефон аркылуу болобу, жеке жолуккандабы же эл. почта аркылуу болобу – эч кимге өзүңүздүн жеке маалыматтарыңызды билдирбеңиз

15.23. Кайра даректөө жүрүп жаткан сайттын дарегин (URL) кунт коюу менен талдап чыгуу керек. Сайт чыныгы сайтка окшош көрүнгөнү менен фишинг учурларында URL-дарек түп нускадан айырмаланышы мүмкүн (мисалы .com менен аяктагандын ордуна .gov менен аякташы мүмкүн.

15.24. Өз браузериңизди жаңыртылган абалда кармаңыз жана коопсуздукту жаңыртууну өз учурунда орнотуп туруңуз

15.25. “Кыргыз Республикасында кумар ишине тыюу салуу жөнүндө” КР мыйзамына ылайык кумар ишмердиги, букмекердик кеңселер жана казино (интернет ааламын кошо алганда) жана башка тыюу салынган түрлөр менен байланышкан банктык операцияларды жүргүзүүгө Банк тарабынан тыюу салынган.

**16. Карттар боюнча чектөөлөр**

16.1. Санкцияланбаган карттык операциялардын болуу тобокелдигин азайтуу максатында Банк карттык операцияларды жүргүзүүгө чектөөлөрдү белгилөөгө укуктуу. Чектөөлөрдүн жана лимиттердин чоңдугун, шарттарын, мөөнөтүн жана аларды белгилөөнүн тартибин Банк өз алдынча аныктайт. Банк карттар боюнча суткалык лимиттерди белгилейт. Карт Ээси картты пайдалануу менен операцияларды суткалык лимиттин чегинде жүргүзүүгө алат, алардын тизмеси Банктын www.bakai.kg сайтында берилген.

16.2. Банк тарабынан белгилеген стандарттык чектөөлөр Карт ээсинин Банкка жазуу жүзүндөгү кайрылуусу боюнча өзгөртүлүшү мүмкүн.

16.3. Банк тарабынан контактсыз карттар боюнча кошумча чектөөлөр белгиленген:

– тарифтерине ылайык белгиленген лимиттердин чегинде ПИН-кодду киргизбестен транзакцияларды жүргүзүү;
– ПИН-кодду киргизүү менен Банктын белгиленген тарифтерине ылайык лимиттерден ашык транзакцияларды жүргүзүү;

**17. Карттын аракеттенүү мөөнөтү жана Келишимди бузуу.**

17.1. Картта анын аракеттенүү мөөнөтү аяктай турган дата (айы жана жылы) көрсөтүлөт. Карт көрсөтүлгөн айдын акыркы күнү аяктаганга чейин жарактуу болуп эсептелет. Мөөнөтү аяктаган бардык карттар тосмолонот жана Банкка берилүүгө жатат.

17.2. Карт Ээси арыз жазуу жана картты жокко чыгаруу аркылуу картты жаап, Келишимди бир тараптуу бузууга укуктуу.

17.3. Карт Ээси ушул Эрежелердин жана Келишимдин шарттарын аткарбаса, Банк картты тосмолоп/жокко чыгарып, Келишимди бузууга укуктуу

17.4. Келишим бузулган учурда карт Ээси карыздарды жаап, өзүнүн карт-эсеби боюнча таризделген бардык карттарды өткөрүп бериши керек.

17.5. Кайсы тараптын болбосун демилгеси менен Келишим бузулган учурда карт Ээси тарабынан жылдык тейлөө үчүн төлөнгөн комиссия кайтарылып берилбейт

17.6. Банк алдында карыз жок болгон учурда карт-эсеп боюнча акча каражаттарынын калдыгы кайтарылып берилет.

18. **Картты Google Pay тиркемесине кошуу процесси.**

18.1. Сөзсүз түрдө 4.4. версиясынан жогору болгон, NFC функциясы бар, Android смартфонунун болуусу.

18.2. Сөзсүз түрдө BAKAI24 тиркемесине кошулуу.

18.3. Телефонго сөзсүз түрдө тосмолоо үчүн купуя белгини орнотуу.

18.4. BAKAI24 тиркемесинде картка кириңиз жана «Бесконтактная оплата» баскычын басыңыз, «Добавить в G Pay» баскычын басып, андан кийин «Добавить» баскычын басыңыз, андан кийин «Продолжить» баскычын басып, дагы «Личная информация» жана «Продолжить» баскычын басуу керек.

18.5. BAKAI24 тиркемесинде GOOGLE иконкасы пайда болот, мунун өзу Сиздин картыңыз GooglePay тиркемесине кошулду бегенди билдирет.

18.6. Төлөө учурунда смартфондо NFC белгиси дайым күйүп туруусу керек.

Эми соода түйүндөрүндө картсыз эле мобилдик телефон аркылуу төлөөгө болот. Бул үчүн төлөп жаткан учурда телефонду тосмодон чыгарып, NFC модулду жандыруу керек.

Кээ бир учурларда ири суммаларды төлөөдө же бир нече төлөмдү бир учурда жүргүзгөн учурда PIN-код суралышы мүмкүн, картын PIN-кодун киргизиңиз, ал эми телефонду тосмодон чыгаруу белгиси купуя белги катары эсептелет.

**19. Башка шарттар.**

19.1. Жеке Келишимде көрсөтүлгөн жана картты чыгаруу менен байланышкан башка документтерде көрсөтүлгөн маалыматтар өзгөргөн учурда Банкка ошол өзгөрүүлөрдү камтыган документтерди сунуштоо менен 5 күндүн ичинде билдириңиз. Ал маалыматтардын өзгөргөндүгү жөнүндө Банкка өз учурунда билдирилбегендиктен келип чыккан кесепеттер үчүн Банк жоопкерчилик тартпайт.